3. Айтматов.Ч. Чыгармалар жыйнагы: 2-том, – Бишкек, 2008. – 432 б.

4. Мырзанаева М.К. ЖОЖдордо көркөм стилдеги тексттердин негизинде мамлекеттик тилди окутуунун өзгөчүлүктөрү / М.К. Мырзанаева // Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин Жарчысы. – Бишкек, 2017. – №4. – 104-110-беттер.

5. Кожобекова Г.С. Ааламдашуу жана Чыңгыз Айтматовдун чыгармачылыгы/ Г.С. Кожобекова // ” КЭАУнун ОИӨКнын Жарчысы, – Бишкек. 2022.- №3 (47). – 200-204-беттер.

6. Сагынбеков И. Ч.Айтматовдун нукура кыргыз тилинде жазылган чыгармаларынын жыштык сөздүктөрүнүн анализи / Сагынбеков И. // “Юнусалиев окуулары – 2017” аттуу эл аралык илимий-практикалык конференция.

7. Рыспаев С.К., Токтобаева А., Д. Ч.Айтматовдун “Кылым карытар бир күн” чыгармасындагы манкурттук жана учурдагы эне тил, үрп-адаттарды үйрөтүү маселелери, “А. Мырсабеков атындагы ОшМПУ жарчысы” илимий-усулдук журналы, 2025-ж. №.2 (26), 2-т., 40-43-беттер.

8. Макелек Өмүрбай уулу. Ч.Айтматовдун чыгармачылыгы боюнча изилдөөлөр. / Макелек Өмүрбай уулу //: 3-том. Түз. Ыйсаева Н., Арипов С., Эшматов Р. – Бишкек, 2018. – 560 бет. конференциянын материалдары. – Бишкек, 2018. – 280-284-беттер.

УДК 373 **DOI: https://doi.org/10.56122/..v2i2.510**

БАШТАЛГЫЧ КЛАССТАРДА ИНТЕГРАЦИЯЛАНГАН ОКУТУУ ШАРТЫНДА БАЛДАР АДАБИЯТЫ АРКЫЛУУ ГУМАНИСТТИК БААЛУУЛУКТАРДЫ ӨНҮКТҮРҮҮНҮН АРТЫКЧЫЛЫКТАРЫ

Меңдибаева Нуркан Меңдибаевна
ORCID: 0009-0008-9423-4647
ОшМПУ, окутуучу
nur_kg_93@list.ru

ПРЕИМУЩЕСТВА РАЗВИТИЯ ГУМАНИСТИЧЕСКИХ ЦЕННОСТЕЙ ПОСРЕДСТВОМ ДЕТСКОЙ ЛИТЕРАТУРЫ В ИНТЕГРИРОВАННОЙ ОБРАЗОВАТЕЛЬНОЙ СРЕДЕ В НАЧАЛЬНЫХ КЛАССАХ

Меңдибаева Нуркан Меңдибаевна
ORCID: 0009-0008-9423-4647
ОшМПУ, преподователь
nur_kg_93@list.ru

ADVANTAGES OF DEVELOPING HUMANISTIC VALUES THROUGH CHILDREN'S LITERATURE IN AN INTEGRATED EDUCATIONAL ENVIRONMENT IN PRIMARY SCHOOL

Mendibaeva Nurkan Mendibaevna
ORCID: 0009-0008-9423-4647
OSPU, teacher
nur_kg_93@list.ru

Аннотация

Бул макалада башталгыч класстарда интеграцияланган окутуу шартында балдар адабияты аркылуу гуманисттик баалуулуктарды өнүктүрүүнүн артыкчылыктары каралат. Азыркы глобалдашуу доорунда билим берүү процесси окуучулардын когнитивдик жөндөмдөрүн гана эмес, алардын руханий жана баалуулук багыттарын калыптандырууга

да багытталышы зарыл экени негизделет. Изилдөөдө гуманисттик баалуулуктардын маңызы, структурасы жана алардын башталгыч мектеп жашындагы балдарда калыптануу өзгөчөлүктөрү талданат. Интеграцияланган окутуунун теориялык негиздери жана анын предметтер аралык байланыш, тематикалык интеграция жана компетенттүүлүккө негизделген мамиле аркылуу ишке ашуусу каралат. Балдар адабиятынын тарбиялык потенциалы өзгөчө белгиленип, ал окуучулардын эмпатиясын, моралдык ой жүгүртүүсүн жана социалдык жүрүм-турумун өнүктүрүүдөгү эффективдүү каражат катары мүнөздөлөт. Макалада 5E модели боюнча уюштурулган сабактын мисалында интеграцияланган окутуунун практикалык мүмкүнчүлүктөрү көрсөтүлөт. Жыйынтыгында балдар адабиятын интеграциялоо гуманисттик баалуулуктарды туруктуу калыптандыруунун натыйжалуу жолу экени аныкталат.

Ачкыч сөздөр: *интеграцияланган окутуу, балдар адабияты, гуманисттик баалуулуктар, башталгыч билим берүү, инсанга багытталган окутуу, компетенттүүлүк мамиле, улуттук баалуулуктар, эмпатия, тарбия процесси, 5E модели*

Аннотация

В статье рассматриваются преимущества развития гуманистических ценностей у учащихся начальных классов посредством интеграции детской литературы в условиях интегрированного обучения. В условиях глобализации обосновывается необходимость формирования не только когнитивных навыков, но и духовно-нравственных ориентиров личности. Анализируются сущность и структура гуманистических ценностей, а также особенности их формирования у детей младшего школьного возраста. Рассматриваются теоретические основы интегрированного обучения, включая межпредметные связи, тематическую интеграцию и компетентностный подход. Особое внимание уделяется воспитательному потенциалу детской литературы как средству развития эмпатии, морального мышления и социального поведения учащихся. На примере урока, разработанного по модели 5E, демонстрируются практические возможности интеграции. В результате делается вывод о том, что интеграция детской литературы в образовательный процесс способствует эффективному формированию устойчивых гуманистических ценностей у учащихся начальной школы.

Ключевые слова: *интегрированное обучение, детская литература, гуманистические ценности, начальное образование, личностно-ориентированное обучение, компетентностный подход, национальные ценности, эмпатия, воспитательный процесс, модель 5E*

Abstract

This article examines the advantages of developing humanistic values in primary school students through the integration of children’s literature within an integrated learning environment. In the context of globalization, it highlights the importance of fostering not only cognitive skills but also moral and value-oriented development. The study analyzes the essence and structure of humanistic values and the psychological characteristics of their formation in early school-age children. The theoretical foundations of integrated learning are explored, including interdisciplinary connections, thematic integration, and the competency-based approach. Special emphasis is placed on the educational potential of children’s literature as an effective tool for developing empathy, moral reasoning, and social behavior. A lesson designed according to the 5E model is presented to demonstrate practical applications of integration. The findings suggest that integrating children’s literature significantly contributes to the sustainable development of humanistic values in primary education.

Keywords*: integrated learning, children's literature, humanistic values, primary education, learner-centered approach, competency-based approach, national values, empathy, educational process, 5E model*

Азыркы глобалдашуу шартында коомдун өнүгүүсү бир гана экономикалык же технологиялык өсүш менен чектелбестен, адамдын руханий дүйнөсүнө, анын баалуулук

багыттарына түздөн-түз көз каранды болуп калды. Маалымат агымынын тездеши, маданияттардын аралашуусу жана социалдык өзгөрүүлөрдүн күчөшү адамдардын баалуулук системасында карама-каршылыктарды жаратып, көп учурда “баалуулуктар кризиси” деп аталган көрүнүштү пайда кылууда. Мындай шартта жаш муундун адамгерчилик, боорукерлик, жоопкерчилик сыяктуу гуманисттик сапаттарын калыптандыруу өзгөчө мааниге ээ болуп, билим берүү системасынын негизги милдеттеринин бири катары каралууда.

Айрыкча башталгыч мектеп бул процессте өзгөчө орунду ээлейт. Анткени дал ушул куракта бала айлана-чөйрөдөгү жүрүм-турум үлгүлөрүн кабыл алып, аларды ички дүйнөсүнө сиңирип, өзүнүн жеке баалуулук системасын түзө баштайт. Ошондуктан заманбап педагогикада инсанга багытталган мамиле биринчи планга чыгып, окуучунун жеке өзгөчөлүктөрүн, кызыгууларын жана ички дүйнөсүн эске алуу менен окутуу зарылдыгы баса белгиленүүдө. Бул мамиле билимди жөн гана берүү эмес, баланын инсан катары калыптанышына шарт түзүүнү көздөйт.

Мындай шартта интеграцияланган окутуунун актуалдуулугу жогору болуп жаткан убак. Ар түрдүү предметтерди өз ара байланыштырып окутуу аркылуу окуучунун дүйнөнү бир бүтүн система катары кабыл алуусуна жардам берет. Интеграцияланган окутуу билимди бөлөк-бөлөк эмес, байланышкан, турмуш менен тыгыз байланышта берилген формада өздөштүрүүгө мүмкүнчүлүк түзөт. Натыйжада окуучу алган билимин реалдуу турмуштук кырдаалдарда колдонууга үйрөнүп, анын маанисин терең түшүнө баштайт.

Бул процессте балдар адабияты өзгөчө күчтүү курал болуп эсептелет. Көркөм чыгармалардагы каармандар, окуялар жана алардын ортосундагы мамилелер балага даяр моралдык эрежелерди жаттатпастан, аларды сезүү, түшүнүү жана ички ишенимге айландыруу мүмкүнчүлүгүн берет. Бала каармандар менен кошо жашап, алардын ордуна өзүн коюп көрүү аркылуу эмпатияны өнүктүрөт жана моралдык тандоолорду аң-сезимдүү кабыл алууга үйрөнөт. Бирок бул потенциал толук ачылышы үчүн балдар адабияты системалуу жана максаттуу түрдө, башка окуу ишмердүүлүктөрү менен айкалышта колдонулушу зарыл.

Бул изилдөө башталгыч билим берүүдө балдардын инсандык өнүгүүсүн камсыз кылууда балдар адабияты менен интеграцияланган окутуунун мүмкүнчүлүктөрүн жаңыча көз карашта кароого жана аларды натыйжалуу колдонууга багытталган.

Интеграцияланган окутуунун теориялык негиздери улуу педагогдордун идеяларына барып такалат. Я.А. Коменский өзүнүн «Улуу дидактикасында» билимдин ар кайсы тармактарынын байланышынын маанилүүлүгүн баса белгилеген. К.Д. Ушинский предметтердин өз ара байланышы аркылуу окуучуларда дүйнөнүн бүтүндүү картинасын калыптандыруунун зарылдыгын белгилеген. Дж. Дьюи болсо теориялык билим менен практикалык ишмердүүлүктүн интеграциясынын маанилүүлүгүн негиздеген. [8]

Интеграцияланган сабактар аркылуу окуучуларда гуманисттик баалуулуктарды калыптандыруу мугалимдердин башкы милдети болуп калууда.

Гуманисттик баалуулуктар окуучунун коомдогу жүрүм-турумун, өз ара мамилесин жана ички дүйнөсүн аныктаган негизги системасы болуп эсептелет. Алар окуучулардын иш-аракетине багыт берип гана тим болбостон, анын дүйнөнү кабыл алуу ыкмасын, башка адамдарга болгон мамилесин жана өзүнүн ордун түшүнүүсүн да шарттайт. Башталгыч мектеп курагында бул баалуулуктар жаңыдан калыптанып жаткандыктан, алар туруктуу формага келе элек, бирок ошол эле учурда сырткы таасирлерге туруштук бере албаган абалда болот. [1]

Бул окуучуларга гуманисттик баалуулуктардын мазмунун түшүндүрүүдө адамгерчилик негизги өзөк катары караларын көрсөтөбүз. Адамгерчилик – бул адамдын башкаларга болгон урмат-сыйы, алардын укуктарын жана кадыр-баркын тааный билүүсү менен мүнөздөлгөн комплекстүү сапат. Бул сапат өзүнө боорукерликти, адилеттүүлүктү жана жоопкерчиликти камтыйт. Боорукерлик – бул башка адамдын абалын түшүнүү менен гана чектелбестен, ага жардам берүү ниетинин пайда болушу. Ал баланын эмоционалдык

тажрыйбасы аркылуу өнүгүп, акырындык менен туруктуу сапатка айланат.

Ал эми жоопкерчилик болсо окуучунун өз иш-аракетинин натыйжасын аңдап, ага жооп бере алуу жөндөмү менен байланыштуу. Башталгыч куракта бул сапат жөнөкөй аракеттерден башталып, бара-бара социалдык нормаларды аң-сезимдүү сактоого өтөт. Ал эми адилеттүүлүк баланын “туура” жана “туура эмес” түшүнүктөрүн айырмалоосу аркылуу калыптанып, анын социалдык жүрүм-турумун жөнгө салуучу маанилүү фактор болуп саналат. [1]

Бул баалуулуктар өз алдынча эмес, өз ара байланышкан система катары өнүгөт. Алар белгилүү бир иерархиялык түзүлүштү түзүп, адам кайсы кырдаалда кандай чечим кабыл алаарын аныктайт. Мисалы, бала бир учурда боорукерлик менен адилеттүүлүктүн ортосунда тандоо жасоого туш болушу мүмкүн. Мындай учурда анын ички баалуулук системасы кайсынысын артыкчылык катары тандай турганын көрсөтөт. Башталгыч куракта бул иерархия толук калыптана элек болгондуктан, ал педагогикалык таасир аркылуу багытталып, калыптандырылышы мүмкүн.

Демек, башталгыч мектеп жашындагы балдардын психологиялык өзгөчөлүктөрү бул процессти түшүнүүдө өзгөчө мааниге ээ. Бул куракта окуучулардын когнитивдик өнүгүүсү активдүү жүрүп, ал конкреттүү ойлом деңгээлинде дүйнөнү таанып-билүүгө өтөт. Окуучулар абстракттуу түшүнүктөрдү толук түшүнө элек болсо да, конкреттүү мисалдар аркылуу моралдык түшүнүктөрдү өздөштүрө алат. Ошондуктан гуманисттик баалуулуктарды калыптандырууда реалдуу окуялар, образдар жана турмуштук мисалдар маанилүү роль ойнойт.

Ал эми эмоционалдык-баалуулук чөйрөсү да бул куракта интенсивдүү өнүгөт. Окуучулар башка адамдардын абалын сезүүгө, алардын кубанычын же кайгысын бөлүшүүгө жөндөмдүү боло башташат. Бул эмпатиянын калыптанышынын негизи болуп эсептелет. Ошол эле учурда ал өзүнүн аракеттерине баа берип, жакшы менен жаманды ажыратууга аракет кылат. Идентификация жана үлгү алуу механизми бул этапта өзгөчө күчтүү иштейт. Балдар көбүнчө чоңдорду же көркөм чыгармалардагы каармандарды үлгү катары кабыл алып, алардын жүрүм-турумун кайталоого умтулушат. Бул процесс “modeling” деп аталат жана ал баалуулуктардын калыптанышында негизги механизмдердин бири болуп саналат. Демек, окуучуга кандай үлгү сунушталса, ал ошого жараша өзүнүн ички дүйнөсүн түзөт. [4]

Бул боюнча билим берүү концепциясында төмөнкүдөй каралган: Билим берүүнүн мазмуну окуучуларда функционалдык сабаттуулукту жана маданий-баалуулук багыттарды калыптандырууга, окуу-таанып-билүү иш-аракеттеринде заманбап компетенцияларды өнүктүрүүгө жана өз алдынча окууга умтулууга багытталган. Табигый-илимий, технологиялык, инженердик жана математикалык билим берүүгө, ошондой эле Кыргыз жараны жарандык идентүүлүктү калыптандырууга басым жасоо менен тилдик жана маданий көп түрдүүлүктү кабыл алууга өзгөчө көңүл бурулат. Окуучулар санариптик билим берүү ресурстарын, окутуучу онлайн-платформаларды өздөштүрөт, чыгармачылык жөндөмдөрү долбоорлоо-изилдөө иштери аркылуу өнүгөт. [5]

Ошентип, гуманисттик баалуулуктарды калыптандыруу – бул көп деңгээлдүү жана татаал процесс болуп, ал окуучунун психологиялык өзгөчөлүктөрү, социалдык чөйрө жана педагогикалык таасирлердин өз ара байланышы аркылуу ишке ашат.

Интеграцияланган окутуу – бул билим берүүнү өзүнчө бөлүнгөн дисциплиналардын жыйындысы катары эмес, өз ара байланышкан, бир бүтүн система катары уюштурууга багытталган педагогикалык мамиле болуп саналат. Анын негизги маңызы – окуучунун дүйнөнү фрагменттелген эмес, комплекстүү кабыл алуусуна шарт түзүү. Башкача айтканда, бала “математика”, “тил”, “адабият” деп бөлүп эмес, турмуштагыдай бириккен көрүнүш катары түшүнө баштайт. Мындай мамиле башталгыч класстарда өзгөчө маанилүү, анткени бул куракта баланын ой жүгүртүүсү конкреттүү образдарга жана байланыштарга таянат. [8] Интеграцияланган окутууда предметтер аралык байланыш негизги ролду ойнойт. Бул байланыш ар бир предметтин мазмунун бири-бири менен айкалыштырып, бир теманы ар

кандай көз караштан кароого мүмкүндүк берет. Натыйжада окуучу бир эле түшүнүктү ар башка контекстте колдонуп, анын маанисин терең өздөштүрөт. [7]

Бул багытта өлкөбүздөгү жаңы билим берүү концепциясында төмөндөгүдөй пункттар каралган:

- окуучулардын дүйнө жөнүндө түшүнүктөрүнүн бүтүндүгүн камсыз кылууга багытталган билим берүүнүн мазмунун интеграциялоо;
- окуучулардын келечектеги жашоо стратегиясын тандоосунун шарты катары билим берүүнүн мазмунун профилдештирүү жана дифференциациялоо;
- билим берүү чөйрөсү катары ар кандай кошумча маалымат массивдерин жана окуу материалынын башка булактарын пайдаланууну камтыган билим берүүнүн мазмунунун ачыктыгы . [5]

Мында, тематикалык интеграция бул процесстин дагы бир маанилүү аспектиси болуп саналат. Анда окутуу белгилүү бир тема же идеянын айланасында уюштурулуп, ар кандай сабактар ошол теманы толуктоого багытталат. [6] Мисалы, “боорукерлик” темасы алынса, адабият сабагында каармандардын аракеттери талданса, тил сабагында ошол тема боюнча текст түзүлөт, ал эми искусство сабагында аны сүрөт же башка чыгармачылык иш аркылуу чагылдыруу мүмкүн болот. Бул ыкма баланын билимди көп кырдуу өздөштүрүүсүнө жана баалуулукту терең түшүнүүсүнө шарт түзөт. Мындай мамиле компетенттүүлүккө негизделген билим берүү концепциясы менен да тыгыз байланышта. Компетенттүүлүккө негизделген мамиле билимди жөн гана жаттап алуу эмес, аны турмушта колдоно билүү жөндөмүн өнүктүрүүгө багытталат. Демек, интеграцияланган окутуу аркылуу окуучу алган билимин реалдуу кырдаалда колдонууга үйрөнүп, социалдык жана моралдык компетенцияларын калыптандырат. [2]

Бул процессте балдар адабияты өзгөчө маанилүү инструмент катары кызмат кылат. Аны интеграциялоо ар кандай формада ишке ашырылышы мүмкүн. Мисалы, окуу жана тил сабактарынын айкалышы аркылуу бала текстти окуп гана тим болбостон, анын мазмунун талдап, өз оюн айтууга, каармандардын аракеттерине баа берүүгө үйрөнөт. Бул анын тилдик жөндөмдөрүн гана эмес, моралдык ой жүгүртүүсүн да өнүктүрөт. Окуу менен искусствонун интеграциясы болсо баланын эмоционалдык кабыл алуусун күчөтөт. Каармандардын образын сүрөт аркылуу берүү, сахналаштыруу же чыгармачылык иштер аркылуу чагылдыруу балага текстти тереңирээк “сезүүгө” мүмкүнчүлүк берет.

Ошондой эле балдар адабиятын турмуштук кырдаалдар менен байланышта колдонуу өзгөчө натыйжалуу болуп саналат. Бул учурда мугалим тексттеги окуяларды реалдуу жашоодогу кырдаалдар менен салыштырып, окуучуларга “сен бул жерде кандай кылмаксың?” деген суроону коюу аркылуу алардын моралдык тандоо жөндөмүн өнүктүрөт. Мындай ыкма баланын баалуулуктарды жөн гана түшүнүүсүнө эмес, аларды практикалык деңгээлде колдонууга шарт түзөт. [2]

Демек, интеграцияланган окутуу шартында балдар адабиятын колдонуу окуучунун когнитивдик, эмоционалдык жана социалдык өнүгүүсүн бир убакта камсыз кылган комплекстүү процесс болуп саналат. Ал гуманисттик баалуулуктарды терең жана туруктуу калыптандырууга шарт түзүп, окуучунун инсан катары өнүгүүсүнө негиз түзөт. [4]

Балдар адабиятынын чыгармаларын жана сабактардын предметтик мазмунун интеграциялоонун дагы бир себеби - бул «баланын окуу, жазуу жана эсептее кендүмдөрүнө ээ болуусу гана эмес, окуучулардын айланасындагы дүйнөнү мүмкүн болушунча жакшыраак түшүнүүгө, алардын инсандыгын калыптандырууга жана өз өлкөсүнүн активдүү жана боорукердик (эмпатиялык) сапаттарга ээ жараны болуусуна жардам берүү» мүмкүнчүлүгү болуп эсептелет. Балдар китеби окурманга окуу китебинде камтылбаган маалыматтарды сунуштоо менен билим тармагын кеңейтүүгө мүмкүндүк берет. Мындан тышкары, балдар адабияты предмет аралык темаларды жана түшүнүктөрдү камтууга, ал мугалимдерге, ийкемдүүлүктү көрсөтүү менен, сабак убактысын натыйжалуу пайдаланууга жана окуу программасынын мазмунун аткарууга мүмкүндүк берет. Адабият жана предметтик мазмундун интеграциясы курчаган дүйнөнү бүтүн жана өз ара байланышта

кароону шарттайт. [2]

Келгиле төмөндө балдар адабиятын интеграциялоо менен «Беш көкүл чач» [3] китебинин негизинде иштелип чыккан 5E модели боюнча сабактын планын карап көрөлү. Сабактын мазмуну улуттук баалуулуктарды жана каада-салттарды жайылтууга багытталган.

Сабактын планы: «Беш көкүл — кыздын көркү»

Китептин автору: Абдыкерим Муратов

Максаты: Окуучуларды кыргыз элинин кыз балага болгон өзгөчө мамилеси, чач өрүү салты жана анын тарбиялык мааниси менен тааныштыруу.

1. Engage (Кызыгууну ойготуу)

Иш-аракет: Окуучуларга китептин биринчи бетиндеги эгиз кыздардын сүрөтүн көрсөтүү. Божомолдоо стратегиясын пайдалануу

Суроо: «Бул кыздардын чачы эмне үчүн мынчалык көп өрүлгөн деп ойлойсуңар? Силердин чачыңарды ким өрөт?»

Максат: Окуучулардын көңүлүн чач жасалгасына жана кыргыздын салттуу көрүнүшүнө буруу.

2. Explore (Изилдөө)

Иш-аракет: Китепти биргелешип окуу. Кыздардын 8 жашка толгонунда чоң энеси эмне үчүн «беш көкүл» деп айтканын тексттен издеп табуу.

Тапшырма: Окуучулар тексттен чач өрүү үчүн кандай даярдыктар көрүлгөнүн (булак суусу, жыгач тарак, кебезден чач учтук) белгилешет.

Изилдөө суроосу: Эмне үчүн чачты булактын суусу менен суулашкан?

3. Explain (Түшүндүрүү)

Негизги түшүнүктөр:

Беш көкүл: Кыз баланын чачын он жети кылып (оң жагына беш, сол жагына беш, аркасына жети) майда өрүү салты.

Тазалыктын символу: Булак суусундай таза болуу тилеги.

Бата берүү: Салттын аягында коноктордун жана чоң эненин ак тилеги, батасы.

Мугалимдин сөзү: Бул жөн гана чач жасалгасы эмес, бул кыз баланын бой жетип, адептүү, сулуу болуп өсүшүнө болгон кам көрүү.

4. Elaborate (Тереңдетүү/Бышыктоо)

Талкуу: Китептеги Альбина аттуу кыздын чачы кыска болсо да, ал эмне үчүн суктанды?.

Чыгармачылык иш: «Менин кыялымдагы Нооруз майрамы» деген темада кыскача аңгеме айтуу же сүрөт тартуу. Кыздар Ноорузда улуттук кийим кийип, беш көкүл өрдүрүүнү кыялданышат.

Логикалык тапшырма: Апал менен Үпөлдүн чачынын жалпы санын эсептөө (17 + 17 = 34).

5. Evaluate (Баалоо)

Рефлексия: «Бүгүн биз кыргыздын кайсы салты жөнүндө билдик? Чач өрүүдө кандай каалоо-тилектер айтылат экен?»

Өзүн-өзү баалоо: Окуучулар китептеги кайсы каармандын (чоң эне, апа, кыздар) ордунда болгусу келгенин айтып беришет.

Төмөнкү таблица аркылуу окуучуларда кайсыл баалуулуктар калыптанарын көрөлү:

Китептин мазмунунан баалуулуктарды калыптандыруу идеялары

Баалуулук	Тексттеги мисалдар (Идеялар)
Үй-бүлөлүк ынтымак	Апасы, жеңеси боорсок бышырып, байкеси кошуналарды чакырып, баары биргеликте майрамдаганы.
Улууларды сыйлоо	Кыздардын чоң энесинин сөзүнө кулак салып, анын сырдуу жоопторуна кызыгуусу. Кошуна апалардын сый конок катары чакырылышы.
Тазалык жана Аруулук	Чачты «булак суусундай таза болгула» деген тилек менен суулоо. Бул кыз баланын ички жана сырткы тазалыгын билдирет.
Улуттук	Улуттук кийимдерге, Нооруз майрамына жана салттуу чач өрүүгө

иденттүүлүк	болгон сыймыктануу жана кыялдануу.
Эстетикалык тарбия	Кыз баланын өзүн күтүүсү, чачын узун өстүрүүгө болгон умтулуусу жана сулуулукка суктануусу.

Бул сабактын мазмуну балдар адабиятын интеграциялоо аркылуу гуманисттик жана улуттук баалуулуктарды калыптандыруунун канчалык натыйжалуу экенин ачык көрсөтүп турат. Сабактын бардык этаптары бири-бири менен логикалык байланышта уюштурулуп, окуучунун жөн гана маалымат алуусуна эмес, аны терең түшүнүүсүнө жана ички дүйнөсүнө сиңиришине багытталган. Кызыгууну ойготуу этабында эле окуучулар өз тажрыйбасына таянып, темага эмоционалдык жактан тартылат, бул алардын андан аркы ишмердүүлүгүнө негиз түзөт. Изилдөө жана түшүндүрүү этаптарында окуучулар текст менен иштөө аркылуу салттын маңызын аңдап, анын артында жаткан тарбиялык идеяларды түшүнө башташат. Бул жерде балдар адабияты жөн гана окуу материалы болбостон, баалуулуктарды жеткирүүчү жандуу курал катары кызмат кылат.

Сабактын тереңдетүү бөлүгүндө окуучулар алган билимдерин өз ойлору, кыялдары жана чыгармачылыгы аркылуу бекемдешет. Алар каармандардын ордуна өздөрүн коюп көрүү, турмуштук кырдаалдар менен салыштыруу аркылуу баалуулуктарды жеке тажрыйбага айланта башташат. Бул процесс алардын эмпатиясын, эстетикалык табитин жана социалдык түшүнүгүн өнүктүрөт. Ал эми баалоо этабында окуучулар өз ойлорун жыйынтыктап, кайсы баалуулуктарды өздөштүргөнүн аңдап, өзүнө баа берүүгө үйрөнүшөт. Бул болсо рефлексиянын калыптанышына жана билимдин туруктуу болушуна шарт түзөт.

Сабактын мазмунунда камтылган үй-бүлөлүк ынтымак, улууларды сыйлоо, тазалык, улуттук иденттүүлүк жана эстетикалык тарбия сыяктуу баалуулуктар окуучунун инсандык өнүгүүсүнө комплекстүү таасир этет. Айрыкча улуттук салттар аркылуу берилген тарбия балада өз элине болгон сыймыктанууну жана маданий мурастарга болгон урматты калыптандырат. Бул болсо глобалдашуу шартында өзүнүн улуттук өзгөчөлүгүн сактай билген, ошол эле учурда ачык ой жүгүрткөн инсанды тарбиялоого өбөлгө түзөт. [1]

Демек, 5Е модели боюнча уюштурулган мындай сабак балдар адабиятынын мүмкүнчүлүктөрүн толук ачып, билим берүү процессин жандуу, кызыктуу жана мазмундуу кылууга шарт түзөт. Ал окуучунун когнитивдик, эмоционалдык жана социалдык өнүгүүсүн бирдикте камсыз кылып, гуманисттик баалуулуктарды туруктуу сапатка айландырууга жардам берет. Демек, балдар адабиятын интеграциялоо башталгыч билим берүүдө тарбиялык максаттарды ишке ашыруунун эффективдүү жана заманбап жолу болуп эсептелет.

Жыйынтыктап айтканда бул үлгү сабак башталгыч класстын мугалимдери үчүн жөн гана даяр план эмес, балдар адабиятын натыйжалуу пайдалануунун практикалык багытын көрсөткөн ишенимдүү методикалык курал болуп бере алат. Анткени бул жерде окутуу процесси маалымат берүүгө гана эмес, баланын ички дүйнөсүнө таасир этүүгө, анын ой жүгүртүүсүн, сезимин жана жүрүм-турумун бирдиктүү өнүктүрүүгө багытталган. Сабактын ырааттуу түзүлүшү мугалимге окуучуларды акырындык менен кызыктырып, изилдөөгө жетелеп, андан соң түшүндүрүп, тереңдетип жана жыйынтык чыгарууга алып келүүгө шарт түзөт. Мындай ыкмада бала даяр жоопту кабыл албастан, өзү ойлонуп, сезип, жыйынтык чыгарганды үйрөнөт.

Айрыкча балдар адабиятынын мазмунун турмуштук кырдаалдар менен айкалыштыруу мугалим үчүн чоң мүмкүнчүлүк ачат. Бул окуучуларга китептеги окуяларды жөн гана окуп түшүнүү эмес, аны өз жашоосу менен байланыштырууга, каармандардын ордуна өзүн коюп көрүүгө жана моралдык чечим кабыл алууга көмөктөшөт. Мындай тажрыйба баланын эмпатиясын өнүктүрүп, анын адамгерчилик сапаттарынын калыптанышына түздөн-түз таасир берет. Ошол эле учурда чыгармачылык тапшырмалар аркылуу окуучулар өз ойлорун эркин билдирүүгө, эстетикалык табитин өнүктүрүүгө жана улуттук баалуулуктарды сезим деңгээлинде кабыл алууга жетишет.

Бул сабакта камтылган улуттук салттар, каада-салттар жана баалуулуктар мугалимге

тарбия ишин жандуу жана мазмундуу жүргүзүүгө өбөлгө түзөт. Себеби бала үчүн улуттук маданиятка байланышкан материалдар жакын жана түшүнүктүү болот. Натыйжада окуучу өз элинин мурастарына сый-урмат менен мамиле кылууга, аларды сактоого жана улантууга умтулат. Бул болсо азыркы шартта өтө маанилүү болгон улуттук иденттүүлүктү калыптандыруунун негизи болуп саналат.

Жалпысынан алганда, мындай сабак мугалимге билим берүү менен тарбияны айкалыштырып, окуучунун ар тараптуу өнүгүүсүн камсыз кылууга жардам берет. Ал сабакты жандуу, кызыктуу жана таасирдүү өткөрүүгө шарт түзүп, ар бир баланын активдүү катышуусун камсыз кылат. Ошондуктан балдар адабиятын интеграциялоо башталгыч класстын мугалимдери үчүн жөн гана кошумча ыкма эмес, гуманисттик баалуулуктарды калыптандыруунун негизги, натыйжалуу жолдорунун бири катары каралышы керек.

Колдонулган адабияттардын тизмеси:

Ата бабалар табериги: Кыргыздын адеп-ахлак, салт-санаа, үрп-адат, ырым-жырым жана жөрөлгөлөр жыйнагы / Түз. М.Каримов. - Б: “Бийиктик”, 2011.
Башталгыч мектепте балдар китебин пайдалануу USAIDдин «Окуу керемет!» долбоору 1-2-модуль
Беш көкүл чач https://bloomlibrary.org/player/hnxveaNSxZ?lang=ky
Выготский Л.С. Психология развития ребенка.-М: Изд-во «Смысл», изд-во «Эксмо», 2004. —512с.
Кыргыз Республикасында он эки жылдык мектептик билим берүүгө өтүү КОНЦЕПЦИЯСЫ – Бишкек, 2025 https://cbd.minjust.gov.kg/29-2/edition/20119/kg
Кыргыз Республикасынын «Билим берүү жөнүндө» Мыйзамы. – Бишкек, 2003.
Кыргыз Республикасынын мамлекеттик билим берүү стандарты: башталгыч жалпы билим берүү. – Бишкек, 2020.
Меңдибаева Нуркан Меңдибаевна 12 жылдык билим берүү шартында башталгыч мектепте интеграцияланган окутуунун маанилүүлүгү https://www.elibrary.ru/contents.asp?id=83115509

УДК 37.013:372.882(575.2)

АДАБИЙ ОКУУ САБАГЫНДА Ч. АЙТМАТОВДУН “УЛУУ МАНАСЧЫ – САЯКБАЙ КАРАЛАЕВ” АТТУУ ЭСКЕРҮҮСҮН ОКУТУУ АРКЫЛУУ ОКУУЧУЛАРДЫН ЭТНОМАДАНИЙ КОМПЕТЕНТТҮҮЛҮГҮН КАЛЫПТАНДЫРУУ

*Мурзаканова **Гулшайыр Арыковна***
ORCID: 0009-0006-0448-7858
Ош мамлекеттик педагогикалык университети
gulshaiyr.82.kg@gmail.com
Мамашерип кызы Нуриза
ORCID:0009-0006-8681-9288
Ош мамлекеттик педагогикалык университети.
Nurizam90@mail.ru

ФОРМИРОВАНИЕ ЭТНОКУЛЬТУРНОЙ КОМПЕТЕНТНОСТИ УЧАЩИХСЯ НА УРОКАХ ЛИТЕРАТУРНОГО ЧТЕНИЯ НА ОСНОВЕ ВОСПОМИНАНИЯ Ч. АЙТМАТОВА «ВЕЛИКИЙ МАНАСЧЫ – САЯКБАЙ КАРАЛАЕВ»

Мурзаканова Гульшайыр Арыковна
ORCID: 0009-0006-0448-7858
Ошский государственный педагогический университет